# Тоолуктун акын кызы

## Жумакан Тынымсейитовага 95 жыл



Кыргыздын улуу тоосунун бир койнунда Он-Арча деген бир өзөн суусу өрөөндө жанырып агат.Ошол албуут дарыянын тар коктусун Эчки-Башы деген кичинекей айыл ээлейт. Ушул айылдын талантуу акын кызы Жумакан Тынымсейитова 1929-жылы Тянь-Шань районундагы Он-Арча айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Тынымсейит - кыргыздын тынымсейит уруусунан чыккан, кыял мүнөзү жумшак, кен пейил, оор басырыктуу адам болгон. Ал эми энеси- Саракан мээрман, мээнеткеч, колу чебер жөнөкөй аял заты болгон. Тынымсейит ата менен Саракан апа көпкө бала көрбөй, зарлап жүрүп көргөн жалгыз кызы Жумакан болгон. Азыркы айылдагы кемпирлер Жумаканды бала кезинен эле боорукер, идиректүү, сезимтал, колу уз, эл оозуна эрте алынган кыз болчу деп эскеришет. Жумакан согуш жылдарынын алгачкы учурунда мектепте окуп, 1943-жылы өз кыштагындагы жети жылдык мектепти аяктаган.

Мектепти аяктагандан кийин 1943-45-жылдары Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү окуп, андан сон Кыргыз мамлекеттик университетин сырттан окуп бүтүргөн. Жумакан Тынымсейитованын ырлары 1957-жылдан тартып , республикалык газета, журналдарга жарыяланган. Акындын ырлары патриоттуулукка, эмгекке жана музыкалуулукка мүнөздүү болгон. Чыгармачылык сапары Жумакан эженин ошол кездеги ырлары башка калемдештеринен тема жагынан да, мааниси жагынан да айырмаланып турууучу. Кийин ал баш оту менен чыгармачылыкка бет алып, облустук Тянь-Шань правдасы гезитине иштеп жүргөндө акындын добушу бийик да, шандуу да чыга баштаган. Жумакан Тынымсейитова табиятты сүйгөн, туулуп өскөн жердин сууларынан, карагай, арчалардан, айылдын таза абасынан, табияттын кооздугунан эргүү алган.

1945-жылдан тартып Он-Арча жана Кум-Бел айылдык китепканаларында китепканачы болуп иштеген.

1950-52-жылдары жана  1955-60-жылдары Нарын шаарында Тянь-Шань облустук (азыркы Нарын облустук) үналгы берүүсүндө диктор болуп эмгектенген.

Ал эми 1952-55-жылдары жана андан соң 1960-63-жылдары "Тянь-Шань правдасы" облустук гезитинде жана "Жеңиш" райондук гезитинде адабий кызматкер болуп иштеген.

1963-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Нарын шаарында балдар бакчасынын башчысы болуп иштеген.

Ж.Тынымсейитованын ырлары1958-жылдан тартып, гезит беттеринен жарык көрө баштаган. Жумкандын алгачкы ырлар жыйнагы «Сыбызгы» деген ат менен 1961-жылы жарыкка чыгып, окурмандардын китеп текчесинен орун алган. Тоо булагындай  оргуган таланттуу акындын биринен сала экинчи китеби басмадан чыгат.1963-жылы «Нарын толкундары» ,ошол эле балдар үчүн  «Жалкоо таранчы» аттуу китептери окурмандардын колуна тийди. 1966-жылы акындын  Сон-Көл дептери», «Алтын топчу» (1970-ж.)  жана 1970-жылы «Ыргактар» аттуу ыр топтомдору кыргыз поэзиясындагы табылгалуу жыйнактар катары кабыл алынган.

**Жумакан Тынымсеитова** өзү жараткан ырларында туулуп өскөн элет жерлеринин абасындай таза, жумшак, адам көңүлүн аруу сыйлаган аярдыгы аркылуу жан-дүйнөгө жакын жөнөкөй ыр саптарынан граждандык ой-тереңдигин, назик сезим, үмүтүн, философиялык так, ачык көз карашын поэтикалык табылгасын көрө алабыз. Көбүнчө аялдар темасына кеңири кайрылып, ырларды, очерктерди публицистикалык макалаларды жазган. Ал ар кыл жанрда изденип эмгектенген. Көбүнчө аялдар темасына кенири кайрылып,  ырларды, очерктерди, публистикалык макалаларды жазган. Дүйнөлүк поэзиядан акын аялдардын ырларын которуп, драматургия жанрында да иштеген.

Ар тараптуу издене билген Жумакан Тынымсейитованын каleминен жаралган Акыркы жолугушуу» атуу пьесасы 1967-жылы Нарын музыкалык трама театрында ийгиликтүү коюлган.  Кыргыз поэзиясында анын эки окутуусусу, устаты болуп саналган А.Осмонов, Н. Жетикашкаевадан үлгү алып таасирленген жана аларды терен урматтап, сыйлаган. Өмүрүнүн акыркы күндөрү Жумакан Тынымсейитова Алыкул Осмонов жараткан поэзияны бийик урматтап, Алыкулга гүлдесте»  деген катентин жазган. Жумакан өмүр жолунда жергиликтүү радио уктурууда диктор, китепканачы, балдар бакчасынын башчысы болуп эмгектенген.

Өзү көп жылдар бою Нарын областтык гезитинде да иштеп, борбордон алыс жашаса да, чыгармачыл чейрө менен кол үзбөй, такай байланышта болгон. Кыргыздын чыгаан тарыхчы-этнограф кызы Какен Мамбеталиева, диктор Капар Алиев, заманбап кыргыз жазуучусу Кеңеш Жусупов, генерал Бейше Молдогазиев, журналист Сулайман Мамбеталиев, архитектор Вера Алиева, элеттик коомдук ишмер жана акын Күмүш Суранова сыяктуу бир катар замандаштары менен тыгыз карым-катнашта болгон. Жумакан эже өзүнүн калемдеш  курбуларына: Тууган энелерибиз башка болгону менен тутунган поэзия деген энебиз бар. Ошол ыйык эненин кыздары болобуз» деп Мариям Буларкаева, Шакен Маматаипова, Күмүш Суранова, Нинакан Жүндүбаева, Майрамкан Абылкасымовалар менен жолугушуп өздөрү жазган ырларын окушуп, курбулукту эскерип турушчу. Акындын ырлары Ата-Журт, мекен,эл, жер,эне-бала, жаратылыш, тоолор, туулуп өскөн айылы, согуш, жениш, тынчтык күнгө арналган.

Эли журту акын кызынын элесин көнүлдөн чыгарбай 1979-жылы «Ата Журт ыргактары», 1986-жылы «Ырлар жана поэмалар» деген эки китебин окурмандарга тартуулаган. Жумакан Тынымсейитова 1963-жылдан тартып СССР Жазуучулар биримдигинин мүчөсү болгон. Адабият майданында синирген эмгеги үчүн В.И.Лениндн 100 жылдык юбилейлик медалы, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.1960-жылдардын башында жаштарды адабий кенешмесине, СССР жазуучулар Союзунун V сьездине Москвага барып келген.

1962-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КПССтин мүчөсү болгон.

Акын Жумакан Тынымсейитова совет доорунда “Каармандык эмгеги үчүн” медалы менен сыйланган.

Улуу жазуучу, академик Чынгыз Айтматов да Жумакан Тынымсейитованы таланттуу акынтардын катарында атап, «мен силерден граждандуулук, лирикалык ырларынарды окуп, изденүүлөр менен табылгаларына кубандым» деп жылуу сөзүн айткан.

Жумакан Тынымсейитованын өмүрлүк жубайы Мунаке Султаналиев Нарын облусунун кадырман ишмерлеринен болгон. Жумакан Тынымсейитова эки уулу Мырзакул менен Турат жана эки кыз Рая менен Гүлжанга татыктуу тарбия берип, акыл насаатын айтып, балдарынын ардактуу энеси болгон.

«Сүйүүнүн туруктуусу кайсы деген?

Суроого айта турган жообум белен.

Баладан эч кызыгы тарабаган,

Эненин сүйүүсүндөй жок дээр элем» -

деген ыр саптары эле акындын балдарына болгон сүйүүсү жөнүндө айтып турат. Балдарынын арасынан Рая гана өмүр сүрүүдө. Шум ажал Мырзакул, Турат, Гүлжанды 1995-ж. 2012-жылдардын ичинде эрте алып кетти.

**Жазуучу Бейшебай Усубалиевдин Жумакан Тынымсейитова жөнүндө эскерүүсү**

Акын Жумакан Тынымсейитова өзүнөн кийин келаткан муун жөнүндө толкунданып да, тынчсызданып да кеп кылып жатканын көп уктум. Бир-экөө өзгөчө эсимде калыптыр. Роза Карагулова жөнүндө бөтөнчө бир сүймөнчүк менен айтчу. Кат жазышып турушса да керек эле. Айтып-айтып келип, акырында муңайып:

- Күйөөсү ичет окшойт, - деп койчу акырын.

Анан бул жарыкчылыкта өзү эле жалгыз калгандай эч нерсеге көңүл бурбай, алдындагы эки баракка тигилчү. Сыягы, ал Роза эжеден келген кат болсо керек…

Жумакан эже жаш, ыр жазып жүргөн улан-кыздарга адабий кенештерин айтып, жардамын берген. Көптөгөн жаш таланттардын тушоосун кесип, аларга акындык да, энелик да мээримин төккөн. Атап айтсак Ш.Дүйшеев, С.Касымова ж.б.

- Ат-Башыдан бир бала өсүп келатат. Жетим экен. Ырлары тим эле укмуш! - деп эже барбалаңдап сүйүнүп жатканын бир жолу кулагым чалып калды. Чын эле, ошол "укмуш" укмуш экен. Көп өтпөй эле мурдун барбайтып Шайлообек Дүйшеев деген бир жылдыз жанып чыкты”.

Акын өзү эмгектенген Нарын шаарынын маданияттын өнүгүүсүн, курулуштарын карап туруп, патриоттук сезим менен тарых таануу музейлерин уюштурууну биринчилерден болуп элге, коомчулуктун алдына коюп чыккан. Жумакан эженин элеттеги айылына сиңирген эмгеги татыктуу бааланып, эгемендик доорунда анын аты Эчки-Башы айылындагы эки кабаттуу айылдык клубга ыйгарылган.

Акын Жумакан Тынымсейитованын ысымындагы стипендиялар Он-Арча айылындагы мектептин мыкты окуучуларына берилип келген.

Акындын чыгармалары өз окурмандарынын жүрөгүнөн орун таап, аларга кубаныч тартуулап, туулган жерге, элге кызмат кылууга, патриоттуулукка чакырат. Акындын бир топ ырларына обондор жазылып эл оозунда да ырдалып келет. М: «Ала-Тоолук чабанга», «Суу алган кыз», «Билгин жигит», «Кыйылып турам» ж.б

1975-жылы 29-июлда узакка созулган оорунун айынан акын кыз бул дүйнө менен кош айтышкан. Сөөгү Нарын шаарындагы мусулмандар көрүстөнүндө коюлган.

Жумакан Тынымсеитова журтуна бал чогулткан аарыдай өз сүйүүсүн таштаган таланттуу кыргыз акын кыздарынын бири, акын Жумакан Тынымсетованы биз тирүүлүктүн парзы катары, анын ыр жазып бактылуу жашаган түйшүктүү кыска өмүрүн эстеп, поэзиясына гүлдесте коелу. Жашообузду улаган, сулуулукту жараткан улуу муунду эскерип, өмүрүн, турмушун, калтырган осуят ырларынан сабак алып, улам кийинки муунга мурас кыла берели!

Маалыматты даярдаган А.Акматова